УДК 297
*DOI 10.33514/1694-7851-2019-3-81-84*

***Адылжан кызы Толгонай***
*преподаватель Теологического колледжа КГУ им. И. Арабаева*

# АБУЛ МУИН АН-НАСАФИНИН "ТАБСИРАТУЛ АДИЛЛА" АТТУУ ЧЫГАРМАСЫ

# ПРОИЗВЕДЕНИЕ "ТАБСИРАТУЛ АДИЛЛА" АБУЛА МУИНА АН-НАСАФИ

# THE WORK OF ABUL MUİN AN-NASAFİ "TABSİRATUL ADİLLA"

**Аннотация:** Бул макалада XI кылымда жашап өткөн, Матуридиликтин системалануусуна чоң салым кошкон аалым Абул Муин ан-Насафинин өмүр таржымалы жана анын калам багытындагы Матуридиликте «Китабу Тавхидден» кийинки негизги булактардын бири болгон «Табсиратул Адилла» аттуу чыгармасынын тарыхы жана мазмуну жөнүндө сөз болот. Ошондой эле бул чыгарманын Матуридий мазхабындагы маанилүүлүгү жөнүндө да кошумча маалымат берилет.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются биография Абула Муина ан-Насафи и история и содержание произведения «Табсиратул Адилла», являющийся одним из важных источников в Матуридизме после «Китабу Тавхид» и автором, которого является Абул Муин ан-Насафи (XI в.), вносивший большой вклад в систематизированию Матуридизма. Также дается дополнительная информация о значении и роли этого произведения в мазхабе Матуридизма.

**Annotation:** This article discusses the biography of Abul Muin an-Nasafi and the history and content of the work "Tabsiratul Adilla", which is one of the important sources in Maturidism after "Kitabu Tawhid" and the author, who is Abul muin al-Nasafi (XI century), who made a great contribution to the systematization of Maturidism. It also provides additional information about the place and role of this work in the madhhab of Maturidism.

**Түйүндүү сөздөр**: Табсиратул Адилла, Абул Муин ан-Насафи, Матуридийлик.
**Ключевые слова**: Табсиратул Адилла, Абул Муин ан-Насафи, Матуридизм.
**Key words**: Tabsiratul Adilla, Abdul Muin Nasaf'i and Maturidism.

**Абул Муин ан-Насафи.**

Абул Муин ан-Насафинин толук аты Абул Муин Маймун бин Мухаммед бин Мухаммед бин Мабед бин Макхул ан-Насафи аль-Ханафи [9,341-б]. Бирок чыгармаларда толук аты эмес лакаб аты айтылат. Насафи деп аталуусунун себеби, анын туулган жеринин аты Насаф болуусу. Ал эми Абул Муин деп атуулуусунун себеби калам багытындагы изилдөөчүлөр тарабынан берилиген болуп, Умар Абу Хафз аттуу аалым менен алмаштырып албоо үчүн берилген лакаб болуп саналат [1,28-б]. Ан-Насафи 1027 –жылы бүгүнкү күндөгү Өзбекстандагы Самарканд жана Жайхун дарыясынын ортосунда жайгашкан Насаф аттуу шаарда төрөлгөн [5,267-б] жана 1115-жылы көз жумган [8,341-б]. Аалым чыгармаларда мутакаллим болуу менен бирге мухаддис, факих болгондугу жөнүндө айтылат [7,47-б]. Ал өзүнүн атасынан жана чоң атасынан теологиялык илимдерди үйрөнгөн. Андан сырткары Матуридий мазхабынын белгилүү аалымдары жазган чыгармалары окуп, үйрөнгөн [8,292- б].

Абул Муин ан-Насафи он бешке жакын чыгарма жазган, бирок бүгүнкү күнгө чейин алардын үчөөсү гана бизге жетип келген. Алар: *Табсиратул Адилла фи Усул ад-Дин* (Диний

негиздердин далилдерин изилдөө), *ат- ат-Тамхид ли Каваиди ат-Тавхид* (Тавхид эрежелерине киришүү) *жана Бахрул Калам фи Илмил Калам* (Калам илими жөнүндө деңиздей сөз) [8,61-б].

**Табсиратул Адилланын мазмуну.**

Чыгарманын толук аты бир канча булактарда түрдүүчө аталышта айтылат. Анткени Абул Муин ан-Насафи чыгарманын атын ачык-айкын жазган эмес. Мисалы: тарых жазуучулары Лакнави жана Куриши өздөрүнүн чыгармаларында *«Табсиратул Адилла»* деп атаса, Катиб Челеби *«Табсиратул Адилла фил Калам»* деп жазган, ал эми Нуриддин ас-Сабуниден уккан кабарлар боюнча Фахриддин Рази чыгарманын атын *«Табсиратул Адилла»* деп атаган.

Бул чыгарма араб тилинде эки томдук китеп болуп, киришүү жана алты негизги бөлүмдөн турат. Алты негизги бөлүмдүн ичинде кырк беш тема камтылган. Алгачкы бөлүм алты баптан туруп, анда илимдин аныктамасы, заттын акыйкаты жана инсандын аны канчалык деңгээлде таанып биле алуусу, затты таанып билүүдөгү беш туюм, акыл жана туура кабар жөнүндө баяндалат.

Экинчи бөлүм эң чоң бөлүм болуп, теологиялык темалар каралат жана он алты баптан турат. Башкача айтканда, ааламдын жаратылгандыгы, аны жараткан жаратуучунун жалгыз экендигин далилдөө үчүн дуалисттик көз карашты жокко чыгаруу максатында акылга туура келген далилдер берилет. Муну менен бирге жаратуучуну материя, акциденция, бир жерге жайгашкандыгы жөнүндө айтылган пикирлердин туура эместиги жана жаратуучуга тийиштүү болгон кээ бир сыпаттар жөнүндө баяндалат. Ал эми үчүнчү бөлүм эки баптан туруп, пайгамбарлык жана Аллах тарабынан жиберилген кабарлардын рационалдуулугу толук мүмкүн экендигин жана мунун хикматтуу иш экендиги белгиленип, артынан өткөн пайгамбарлардын жана Мухаммед пайгамбардын мужызалары тууралуу баяндалат. Бул бөлүмдүн акыры аалымдардын көрсөткөн кереметтеринин чындык экени жөнүндөгү далилдер менен жыйынтыкталат.

Ал эми төртүнчү бөлүм 250 беттен туруп, Аллахтын Илим, Кудурет, Ирада (эрк) сыпаттарынын негизинде тагдыр темасы каралат. Бешинчи бөлүмдө болсо чоң күнөө жасаган адамдын дүйнөдөгү жана акыреттеги абалы, шапаат жана ыйман менен исламдын ортосундагы байланыш жөнүндө сөз болуп, эки баптан турат. Акыркы бөлүм төрт бапты камтып, имаматтын (башкаруучулук) аныктамасынан баштап, имамдын сапаттары, өзгөчөлүктөрү жана алгачкы имамдарга чейин маалымат берилет[3,225-б].

Мындан сырткары, бул чыгармада кээ бир аалымдар жөнүндө маалыматтарды жана алардын чыгармаларынын аттарын көрүүгө болот [8,219-б]. Өзгөчө эң көп Абу Мансур аль-Матуридинин көз карашы жана Абу Ханифанын акаид илимине байланышкан пикирлерин жана алардын бизге жетпей калган чыгармаларынын аттарын көрүүгө болот[3,226-б].

Бул чыгарманы изилдеп, кол жазмаларды топтоштур, китеп абалына келтирген Мухаммед аль-Анвар Иса Табсиратул Адилланы изилдөөнүн натыйжасында ан-Насафинин төмөнкү принциптерге таянгандыгын жазат:

1. Теманын объектисин белгилеген;
2. Ахли Сүннөт вал Жамааттын жана өзгөчө Абу Мансур Матуридинин ар бир темада пикирлерин жазган;
3. Алгач каршы жактагы тараптын көз карашын, андан кийин аларга карата болгон пикирин кенен чечмелеп жазган;
4. Ахли Сүннөт вал Жамааттын көз карашынын наклый (Куран жана хадистерге таянган) жана аклый (акылга таянган) далилдерин жазган;
5. Каршы тарапка өтө кылдаттык менен жооп берген [10,49-б].

**Табсиратул Адилланын жазылуу тарыхы.**

Абул Муин ан-Насафинин бул чыгарманы кайсы жылдары жазып баштагандыгы жөнүндө так маалымат жок болсо да, 1106-жылы Бухарада жазып бүтүргөндүгү маалым [10, 30-31-б]. Бирок, аалымдар бул чыгарма «Тамхид» аттуу чыгармасынан мурун жазылгандыгы, «Тамхид» болсо, Табсиратул Адилланынын кыскартылып жазылган варианты экендигин айтышат.

Бул китептин жазылуу себеби киришүү бөлүмүндө айтылган. Анда ан-Насафи достору андан ишеним багытындагы чыгарма жазуусун сурангандыгын белгилеген. Дагы бир себеп катары, ан-Насафинин доорунда Матуридилик мазхабындагы ишенимди камтыган «Тавхидден» башка чыгарманын жок болгондугун айтууга болот [8,217-б].

Бүгүнкү күндө Табсиратул Адилланын эски кол жазмалары Египет, Иран, Сирия, Түркия, Өзбекстанда жана Россиядагы музейлерде сакталууда [8,225-233-б].

Алгачкы жолу 1977- жылы Египеттеги аль-Азхар университетинде билим алган Мухаммад аль-Анвар Хамид Иса бул чыгарманын негизинде илимий изилдөө жактап, сакталып калган кол жазмаларын кайрадан китеп абалына келтирген. Кийинчерээк 1990-1993-жылдар аралыгында чыгыш таанууч‍у Клауди Саламе Дамаскка келип, кол жазмалардын жардамы менен кайрадан китеп жазып чыккан. 1993-жылы китептин биринчи томун Хусейн Атай аттуу түрк окумуштуусу өзү жазган, ал эми экинчи томун 2003-жылы Шабан Али Дүзгүн аттуу окумуштуу менен биргеликте жазып чыккан[3,226-б].

Бул чыгарманын эски кол жазмасынын саны боюнча окумуштулар бирдей көз караштa болушкан эмес. Түрк окумуштуусу Хусейн Атай чыгарманы кайрадан жазып чыгууда Стамбул китепканасында сакталган китептин он сегиз нускасын тең окуп чыгып, алардын көпчүлүгүн колдонгондугун жазат [4,645-б]. Дагы бир түрк окумуштуусу Йазыжыоглу бул чыгарманы китеп абалына келтирбесе да, ан-Насафини изилдеген окумуштуу катары Табсиратул Адилланын жалпы нускасынын ондон ашуун экендигин айтат [2,294-б]. Ал эми Мухаммед аль-Анвар Иса китеп алты гана нускадан тураарын жана алардын арасынан эң эскиси жана түп нускасы Искендер китепканасында сакталганын жазган [10,49-б]. Матуридий мазхабына арналган өзбек тилиндеги чыгармада Мухаммед аль-Анвар Иса Табсиратул Адилланы кайра жазып чыгууда Клауди Салама төрт гана кол жазмадан пайдалангандыгынан кабар берген маалыматты жолуктурууга болот [8,21-б].

Табсиратул Адилла Өзбекстандын мусулмандар кеңешмесинин чечими менен 2018-жылы өзбек тилине которулду.

**Табсиратул Адилланын Матуридий мазхабындагы орду**.

Аталган чыгарма Ммазхабында маанилүү орунду ээлейт. Анткени калам илимин изилдөөчүлөрү Абу Мансур Матуридинин *«Тавхид»* аттуу чыгармасын Матуридий мазхабында негизги булак катары карашат, *Табсиратул Адилланы* болсо Тавхидди чечмелөөчү жана толуктоочу катары карашат. *Табсиратул Адилла Тавхидге* салыштырмалуу пландуу, системалуу жана сөздөрдүн маанисине басым жасалган ыкма менен жазылган[2,294-б].Мындан сырткары бул чыгарма өзүндө көптөгөн маалыматтарды камтып, карама-каршы пикирлерге карата субъективдүү эмес, объективдүү түрдө, далилдер жана чечмелөөлөр менен жооп берилген[2,295-б]. Табсиратул Адилланын Матуридий мазхабындагы чоң орду бар экенин тастыктаган дагы бир далил катары автор чыгарманы жазып жатканда Абу Мансур аль-Матурдинин *Тавхид, Тавилатул Куран* жана *Китабул Макалат*, *Махазуш Шариййа* аттуу чыгармалырын колдонуп жазганын көрүүгө болот.

**Корутунду**

Бул чыгарманынын биз үчүн маанилүү болуусунун себеби бар. Анткени Кыргызстан калкынын тарыхта жана бүгүнкү күндө көпчүлүгүнүн мусулман болуу менен

бирге укукта Ханафий мазхабын, ишенимде Матуридий мазхабын кармануусу болуп эсептелет. Ошондой эле бүгүнкү күндө укуктук мыйзамдын чегинде диний окуу жайлар активдүү иштеп жатат. Өкүнүчтүүсү бул чыгарманын Матуридий мазхабында эң негизи булактардын бири болгону менен көпчүлүк диний окуу жайда бул чыгарма менен тааныштырылбайт. Дагы да өкүнүчтүүсү, диний чөйрөдө билим берген мугалимдердин бул чыгарма менен жакшы тааныш эместиги. Эгерде бул чыгарма менен Матуридий мазхабын кармангандар кеңири тааныш боло турган болсо, мамлекетибизде туура эмес деп табылган диний агымдар, биздин мамлекетте өзүнүн идеологияларын жайылталмак эмес. Себеби бул чыгармада накыл менен акыл тең салмактуулуктун негизинде Ислам динин негизиги диний ишенимдери жана чыныгы баалуулуктары ачыкталып берилген. Бир гана Ислам динин негиздери жана баалуулуктары менен чектелип калбастан, Ислам динин башка агымдарынын, башка диндердин пикирлери, далилдери да берилген.

Чыгарманы изилдеп, которуу үчүн бүгүнкү күндө Кыргызстандын мыйзам чегинде баардык шарттарынанан пайдаланууга мүмкүнчүлүк бар. Берилген мүмкүнчүлүктөрдү туура пайдалануу менен ичиндеги баалуу, кызыктуу маалыматтарды изилдөөгө болот.

**Колдонулган адабияттар**

1.Ahmed, C. H. (1986). *Kitabut Temhid li Kavaidu'l Tevhid li İmam Ebu'l Muin Nesefi.*

*2.ankara.edu.tr*. (б.д.). Получено 20 01 2019 г., из http://dergiler.ankara.edu.tr/dergiler/37/772/9840.pdf

3.ARUÇİ, M. (2011). Tabsiratu'l Edille. В *TDV İSLAM ANSKLOPEDİSİ* (T. 40). İstanbul.

4.Atay, H. (2016). *Tabsiratu'l Edille fi Usul-u Din (Tenkidli neşir).* Ankara.

5.Sarıbulak, Z. (2015). İMAM EBU'L-MUİN EN-NESEFİ. *İLAHİYAT FAKÜLTESİ İLMİ DERGİSİ*.

6.Мухаммадиев, О. (2016). Орта Асыр Шарк Алломалары. В О. Мухаммадиев, *Орта Асыр Шарк Алломалары.* Самарканд: Munis design group.

7.Окилов, С. (2008). *АБУ-Л МУЪИН АН-НАСАФИ ИЛМИЙ МЕРОСИ ВА МОТУРИДИЙА ТАЪЛИМОТИ.* Тошкент: Мухаррир.

8.Убайдулла Уватов Саидмухтор Окилов Эргаш Доминов. (2018). *Абу Мансур ал-Матуридий илмий мероси ва матуридия таълимоти.* ТАШКЕНТ: Мовароуннахр.

الزركلي, خ. ا. (1085). *قاموص التراجم* (T. VII). بيروت: دار العم للملايين.

9.المتردي, أ. ا. (2011). *تبصرة الادلة في الأصصول الدين* (T. I). (م. ا. عيس, Перев.) القاهرة.10

**Рецензент: д.ф.н, профессор Аттокуров У.К**